Бир киши даарат алып бутун жууганда тырмак ордундай жерине суу тийбей калды эле аны көрүп калган пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Кайра кайт да, дааратыңды жакшылап ал" - деди. Тиги кайра даарат алып, анан намаз окуду

Жаабир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мага Умар бин Хаттаб минтип айтты: Бир киши даарат алып бутун жууганда тырмак ордундай жерине суу тийбей калды эле аны көрүп калган пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Кайра кайт да, дааратыңды жакшылап ал" - деди. Тиги кайра даарат алып, анан намаз окуду.
[Сахих бишаваахидихи (башка ишенимдүү айтымдары бар хадис)] [Муслим жазып калтырган]

Умар (ага Аллах ыраазы болсун) пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир адам даарат алып бүткөндө, бутунун тырмактай жерине суу тийбей калганын көрүп, анын суу тийбеген жерин көрсөтүп: барып жакшылап даарат ал, толук кыл, ар бир мүчөңө суу жеткир деп айтат. Тиги киши барып дааратын толук алып келет да, анан намазын окуйт.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/8386